Иш №АИ-904/21абс8

көчүрмө
БОРБОРДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 04-09/2057
"01" 07 2021 ж/г

**Кыргыз Республикасынын атынан**

**Ч Е Ч И М**

**2021-жыл 30-июнь** **Бишкек шаары**

**Бишкек шаарынын Административдик соту** төрагалык кылуучу А.Р. Эгембердиеванын курамында, соттук отурумдун катчысы А.Эстебесованын катышуусунда,

Доогер Ж.Ж.Иманалиевдин; Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын өкүлү - К.К.Уметалиевдин (2021-жылдын 15-июнундагы берилген ишеним каттын негизинде) катышуусунда,

ачык соттук отурумунда Иманалиев Жекшенбек Жоробековичтин Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына 2021-жылдын 23-июнундагы №119 чечимин жокко чыгаруу жөнүндө арызы боюнча административдик ишти карап чыгып,

**т а п т ы :**

Иманалиев Жекшенбек Жоробекович Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына 2021-жылдын 23-июнундагы №119 чечимин жокко чыгаруу жөнүндө арызы менен сотко кайрылып, төмөнкүлөрдү белгилеген.

Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2021-жылдын 23-июнундагы №119-чечими менен 2021-жылдын 12-июнундагы Боо-Терек айыл окмотунун башчысына Кубанычбеков Абдыбаказ Советбековичти шайлаган Бакай-Ата аймактык комиссиясынын протоколун жокко чыгарууну сураган арыздан баш тартылып, Кубанычбеков Абдыбаказ Советбековичтин Боо-Терек айыл окмотунун башчысына шайланганы мыйзамдуу деген чечим кабыл алынган.

Кубанычбеков Абдыбакас Советбекович 2017-жылдын 4-январынан кызмат абалынан кыянаттык менен пайдаланып, кайра болуштуруу фондусунда (мындан ары КБФ) №946-контурдан 5 жылдык мөөнөткө гектарын 1000 сомдон баалап Кожокматова Уюлкул Совхозбековна менен 13.01.2017-жылы 7,5 га жерди ижарага беруу келишимин, Атакулов Таалайбек Абдышович менен 10.01.2017-жылы 5 га жерди ижарага беруу келишимин, Абдыбаказ уулу Бакыт менен 12.01.2017-жылы 2,5 га жерди ижарага беруу келишимин жана Нурмамбетов Райымбек Алымкулович менен 13.01.2017-жылы 2,5 га жерди ижарага беруу келишимин мыйзамсыз түзгөндүктөн, Бакай-Ата райондук сотунун 30.04.2019-жылы өкүмү менен Кубанычбеков Абдыбаказ КР Жазык кодексинин 320-ст. 2-бөл. жана 329-ст. 1-бөл. күнөөлүү деп табылып, 300 000 (үч жүз мин) сом айып пул салынып, 135 000 (жүз отуз беш мин) сом өлчөмүндө материалдык чыгым өндүрүлгөн, демек А.Кубанычбеков соттолгон.

Бакай-Ата райондук сотунун 2020-жылдын 23-сентябрындагы чечими менен Боо-Терек айыл аймагындагы №946 жана 935-контурдагы КБФ жерлеринен ижарага берүү жөнүндөгү Кожокматова Уюлкул Совхозбековна менен 13.01.2017-жылы түзүлгөн келишими, Атакулов Таалайбек Абдышович менен 10.01.2017-жылы түзүлгөн келишими, Абдыбаказ уулу Бакыт менен 12.01.2017-жылы түзүлгөн келишими жана Нурмамбетов Райымбек Алымкулович менен 13.01.2017-жылы түзүлгөн келишимдери жараксыз деп табылган. Аталган чечим Талас облсотунун 24.12.2020-жылы чечими жана КР Жогорку сотунун 30.03.2021-жылы токтому менен күчүндө калтырылган.

Аталган мыйзамсыз түзүлгөн келишимдер боюнча Боо-Терек айыл өкмөтүнө келтирилген зыян 502 300 сомго бааланган доо арыз, жоопкер А.Кубанычбековдон өндүрүү боюнча соттук териштирүү Бакай-Ата райондук сотунда журуп жатат.

Сот отурумдарында жогоруда аты аталган ижарачылар: Кожокматова Уюлкул, Атакулов Таалайбек, Абдыбаказ уулу Бакыт жана Нурмамбетов Райымбектердин ишенимдүү өкүлү Кубанычбеков Абдыбакас Советбекович жогоруда аталган жер аянттарын ижаралоо келишимдери жокко чыкканын билген, бирок Кубанычбеков Абдыбакас Советбековичтин тукуруусу менен Боо-Терек айылынын тургундары Кожокматова Уюлкул, Атакулов Таалайбек, Абдыбаказ уулу Бакыт жана Нурмамбетов Райымбектер жогорудагы белгиленген Боо-Терек айыл окмотундогу №946 жана 935-контурдагы КБФдин 17 гектар жер аянтын салышып, мыйзамсыз ээлеп, фасоль айдап, сээп алышкан. Ал жөнүндө Бакай-Ата ИИБу тарабынан КЖБРге катталып, сотко чейинки тергөө иши журуп жатат.

Боо-Терек айылдык аксакалдар сотунун 01.06.2021-жылы чечиминде: "Соттун чечими менен ижара келишимдери жокко чыгарылганына карабай, баскынчылык менен Боо-Терек айыл өкмөтүнүн КБФнун жеринен 2,5 га жерин айдап сээп алганы учун Кубанычбеков Абдыбаказ Советбековичке 10 00 (он мин) сом айып пул салынсын"-деп көрсөтүлгөн. Бугунку көндү аткаруу барагынын негизинде Бакай-Ата САКБнун сот аткаруучулары А.Кубанычбековдон 10 00 сомду мажбурлап өндүрүү чараларын көрүп жатат.

Боо-Терек айыл өкмөтүнөн мыйзамсыз өндүрүп алган (Бакай-Ата райсотунун 14.08.2018-жылы кабыл алынган чечими А.Кубанычбековдун соттолгонуна байланыштуу жаны жагдай ачылып ошол эле соттун 13.11.2020-жылы аныктамасы менен жокко чыгарылган) 118 000 (жүз он сегиз мин) сом акча каражаты айыл өкмөткө кайтарып берүү жагы жана эки жылдан бери Жики-Суу каналына мурап болуп иштеп журуп, элден сууну пайдаланганы учун деп алган көп суммадагы акча каражатын айыл өкмөттүн кассасына төлөп берүү жагы Кубанычбеков Абдыбаказ Советбековичке милдеттендирилген.

Сот отурумунда Ж.Ж.Иманалиев доо арыздын негиздерин толуктап, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын тарабынан, 2021-жылдын 23-июнундагы №119-чечимин чыгарып жатканда, добуш бергендердин саны туура болбой калган деп белгиледи.

Сот отурумунда Иманалиев Жекшенбек Жоробекович доо арызды толугу менен колдоп, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2021-жылдын 23-июнундагы №119 чечимин жокко чыгарып берүүнү суранды.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын өкүлү доо арызды канааттандыруудан баш тартууну суранды.

Сот, иштин материалдарын карап чыгып, тараптардын түшүндүрмөлөрүн угуп, доо арыз төмөндөгүлөрдүн негизинде канааттандырууга жатпайт деп эсептейт.

Иштин материалдарына караганда, 2021-жылдын 12-июнунда Талас облусунун Бакай-Ата районундагы Боо-Терек айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоо болуп өткөн.

Депутаттардын көпчүлүк добушун алган А.С.Кубанычбеков айыл өкмөтүнүн башчысы болуп шайланган.

комиссияларын таркатуу, Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасын, төрагасынын орун басарларын кызмат ордунан мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө маселелер боюнча Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдери жыйналышта Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн белгиленген санынын үчтөн экиден добушу менен кабыл алынат.

Демек, көрсөтүлгөн мыйзамда кворумду сактоо зарыл болгон жагдайлардын тизмеси белгиленген, бирок шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка субъекттеринин (катышуучуларынын) арыздарын (даттанууларын) кароо бул тизмеде көрсөтүлгөн эмес.

Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамынын 18-беренесинин 3-бөлүгүндө Борбордук шайлоо комиссиясынын башка маселелер боюнча чечимдери Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн белгиленген санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Төрагалык кылуучу жарыя кылган бардык маселелер боюнча добуш берүүнүн натыйжалары жыйналыштын протоколуна киргизилет деп белгиленген.

Бул учурда, Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналыштын протоколун караганда, чечим көпчүлүк добуш менен кабыл алынгандыгы көрүнөт.

Ошондуктан Ж.Ж.Иманалиевдин жогоруда келтирилген жүйөлөрү негизсиз болуп саналат.

Андан тышкары, доогер Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2021-жылдын 23-июнундагы токтому менен кайсы укуктук норма бузулгандыгы жөнүндө жүйөлөрдү келтирген эмес.

Мындай жагдайларда сот, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2021-жылдын 23-июнундагы чечимин мыйзам чегинде кабыл алынган деп эсептейт.

Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин 203-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык сот талашылып жаткан чечимди, аракетти (аракетсиздикти) мыйзамдуу болуп саналат деп белгилесе, арызды канааттандыруудан баш тартат.

Жогорудагылардын негизинде Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин 201, 203 – беренелерин, Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамын жетекчиликке алып, сот

**Ч Е Ч Т И :**

Иманалиев Жекшенбек Жоробековичтин Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына 2021-жылдын 23-июнундагы №119 чечимин жокко чыгаруу арызы – канааттандыруудан баш тартылсын.

Иманалиев Жекшенбек Жоробековичтен мамлекеттин пайдасына 100 (жүз) сом почталык чыгымдары өндүрүлсүн.

Чечимге үч календардык күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна кассациялык тартипте даттанылышы мүмкүн.

**Төрагалык кылуучу** **А.Р. Эгембердиева**